**Бекитемин**

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасы Эркинбек уулу Султан**

**______________________________**

**«____»________2025-жыл**

**Макулдашылды**

**Ак-Терек айыл өкмөтүнүн**

**башчысы Ж.Ж. Зарпаев**

**______________________________**

**«____»________2025-жыл**

**Ак-Терек айыл аймагында жарандардын бейпилдигин жана тынчтыгын камсыз кылуу жөнүндө ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

**2. Тынчтык сакталуучу жайлар жана аймактар**

**3. Тынчтыкты бузууга жол берилбеген убакыттар**

**4. Тыюу салынган аракеттер**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 6-декабрындагы №194 «Тынчтык жөнүндө» мыйзамына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Жобо айыл аймактагы жарандардын бейпилдигин жана тынчтыгын камсыз кылуу тартибин аныктайт.

**2. Тынчтык сакталуучу жайлар жана аймактар**

**2.1.** Айыл аймакта төмөнкү жайларда жана аймактарда тынчтык сакталууга тийиш:

- көп батирлүү үйлөр жана жеке турак үйлөрдүн аймактары;
- билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык мекемелердин аймактары;
- мейманканалар, жатаканалар жана убактылуу жашоо жайлары.

**2.2.** Тойкана ,кафе, ашкана жана башка коомдук тамактануучу жайларда саат **22:00дөн 07:00гө чейин** элдердин тынчын албоо максатында тынчтык сакталууга тийиш

**3. Тынчтыкты бузууга жол берилбеген убакыттар**

3.1. Жумуш күндөрү: саат **22:00дөн 07:00гө чейин**.

3.2. Дем алыш жана майрам күндөрү: саат **22:00дөн 09:00гө чейин**.

**4. Тыюу салынган аракеттер**

4.1. Көрсөтүлгөн убакыт аралыгында айыл аймагында төмөнкү аракеттерге жол берилбейт:

- музыкалык аппараттарды, үн күчөткүчтөрдү жогорку добуш менен колдонуу;
- музыкалык аспаптарда ойноо, катуу ырдоо, ызы-чуу чыгаруу;
- автоунаалардын сигнализациясын жана сигналын ашыкча колдонуу;
- пиротехникалык каражаттарды колдонуу;
- оңдоп-түзөө, жүк ташуу иштерин жүргүзүү;- айылдардын кочолорундо, булун-бурчтарында спирт ичимдигин ичууго, экиден коп адам чогулуп катуу ун чыгаруу менен элдин тынчын алууга;
- тынчтыкты бузган башка ар кандай аракеттер.

**5. Жоопкерчилик жана көзөмөл**

5.1.Бул Жобонун талаптарын бузган жарандар Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат.

5.2.Жобонун аткарылышын камсыз кылуу боюнча жоопкерчилик айыл өкмөтүнө жана коомдук тартипти камсыз кылуучу органдарга жүктөлөт.

**Жооптуу катчы** **У.К.Тиленбаева**